DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Мурзабекова Ж.Т., Асанкулова Ж.Ж.*

# КОНСТИТУЦИЯНЫН УКУКТУК КОРГОЛУШУ: ЭЛ АРАЛЫК ЖАНА АТА-МЕКЕНДИК ТАЖРЫЙБА

*Мурзабекова Ж.Т., Асанкулова Ж.Ж.*

# ПРАВОВАЯ ОХРАНА КОНСТИТУЦИИ: МЕЖДУНАРОДНАЯ И ОТЕЧЕСТВЕННАЯ ПРАКТИКА

*J.T. Murzabekova, Zh.Zh. Asankulova*

# LEGAL PROTECTION OF CONSTITUTION: INTERNATIONAL AND DOMESTIC PRACTICE

*УДК: 342.4/657.1*

*"Конституциянын укуктук корголушу" термини илимий адабиятта көптөн бери колдонулат, укуктук адабияттарда салттуу түрдө "Конституцияны коргоо" тууралуу айтылган. Бул формуладан четтөө методологиялык мүнөзгө караганда стилистикалык мүнөзгө ээ. Муну тийиштүү функционалдык механизмдердин аталыштарындагы айырмачылыктан да байкоого болот (мисалы, «коргоо», «кайтаруу» эмес). Кеңирирээк мааниде конституцияны укуктук коргоо катары керектүү шарттарды түзүү, тийиштүү кепилдиктерди өнүктүрүү, мамлекеттик-укуктук каражаттарын жана конституциялык ченемдердин аракеттерин камсыздоонун методдорун жакшыртууну түшүнүшөт. Конституцияны укуктук коргоо атайын маанисинде Конституциянын укуктук системада үстөмдүгүн камсыздоо максатында спецификалуу конституциялык-укуктук каражаттарды колдонууну болжолдойт. Конституцияны коргоонун субъектилик курамы ар кайсы өлкөдө ар кандай. Көпчүлүк учурда ага мамлекет башчысын, жалпы юрисдикциядагы сотторду, жогорку сот инстанциясы катары Жогорку сотту, конституциялык контролдун органдарын киргизишет. Биздин мамлекетте Конституцияны коргогон орган болуп Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы эсептелинет.*

***Негизги сөздөр:*** *Конституция, мыйзам, коргоо, мамлекет, жарандар, кепилдик, тажрыйба, юридикалык күч.*

*Термин "Правовая охрана Конституции" в научной литературе применяется уже давно, но в правовой литературе традиционно говорится о "конституционной защите". Эта формулировка больше носит стилистический характер, чем методологический. Также эти отличия можно наблюдать в различных функциональных механизмах (например «охрана» это не «защита»). В широком смысле значение правовой охраны Конституции понимается как создание необходимых условий, развитие соответствующих гарантий, улучшение государственно-правовых средств и методов обеспечения действия конституционных норм. Правовая охрана Конституции в узком смысле предполагает верховенство Конституции в правовой системе, в целях обеспечения специфических конституционно-правовых средств. В разных государствах субъективный состав конституционной защиты совершенно разный. В основном органы конституционного контроля выполняют глава государства, суды общей юрисдикции Верховный суд в качестве высшей инстанции. В нашем государстве органом конституционного контроля выступает Конституционная палата при Верховном суде Кыргызской Республики.*

***Ключевые слова:*** *Конституция, закон, защита, государство, гражданин, гарантия, опыт, юридическая сила.*

*The term "Legal protection of the Constitution" has long been used in the scientific literature, but the legal literature traditionally refers to "protection of the Constitution". This formulation is more stylistic than methodological. Also, these differences can be observed in different functional mechanisms (for example, "protection" is not "protection"). In a broad sense, the importance of legal protection of the Constitution is understood as the creation of the necessary conditions, the development of appropriate guarantees, the improvement of state legal means and methods of ensuring the operation of constitutional norms. The legal protection of the Constitution in the narrow sense presupposes the supremacy of the Constitution in the legal system in order to ensure specific constitutional and legal means. The subjective composition of constitutional protection varies from state to state. Basically, the constitutional control bodies are carried out by the head of state, the courts of General jurisdiction, the Supreme court as the highest instance. In our country, the constitutional control body is the Constitutional chamber of the Supreme court of the Kyrgyz Republic.*

***Key words:*** *Constitution, law, protection, state, citizen, guarantee, experience, legal force.*

Конституциянын укуктук коргоого алынышы кеңири жана тар мааниде каралат. Биринчиден, бул конституцияны укуктун бардык тармактары, экинчиден, бул атайын конституциялык коргоонун каражаттары менен коргоо (конституциялык контроль жана көзөмөл, конституциялык жоопкерчилик). Ошондой эле илимий адабиятта конституциянын укуктук корголушу катары, мисалы, мамлекеттик-укуктук мамилелердин процессинде анын жүзөгө ашыруунун иш жүзүндө ишке ашырылышын түшүнүшөт. Бирок, көбүрөөк негизделген катары Конституциянын ченемдерин, дегеле конституциялык-укуктук ченем-дерди

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



ишке ашыруу системасындагы кепилдик функцияларынын бири катары каралат [1, 34-б.].

Ушундайча, Конституцияны укуктук коргоо – конституциялык ченемдерди тийиштүү жүзөгө ашырууну камсыздоого, конституциялык мыйзамдуулук режимин бекитүүнү (же бузулган учурда калыбына келтирүүнү) камсыздоого белгиленген атайын юридикалык чаралардын комплекси [2, 78-б.]. Ата мекендик конституциялык практикада Конституцияны коргоонун кийинкидей укуктук ыкмалары түзүлгөн: КР Президенти тарабынан конституциянын корголушу; конституциялык контролдун адистештирилген органы катары КР Жогорку сотуна караштуу Конституциялык палатанын ишмердүүлүгү; башка мамлекеттик органдардын, баарынан мурда прокуратура органдарынын, Омбудсмендин (Адам укуктары боюнча ыйгарымдуунун) ишмердүүлүгү; мындан тышкары, Конституцияны укуктук коргоо кийинкилер аркылуу ишке ашырылат: жарандарга, мамлекеттик бийлик органдарына жана алардын конституциялык милдеттенме алган кызмат адамдарына Конституцияны жана мыйзамдарды сактоого КР Конституциясы менен милдеттендирүү/жүктөө; конституциялык менен ким болбосун КРда бийликти ыйгарып алуусуна тыюу салуу каралган; бийликти басып алуу же бийлик ыйгарымдарын ыйгарып алууну мыйзам менен куугунтуктоо; коомдук бирикмелердин ишмердүүлүгүнүн конституциялык режимин белгилөө, максаттары жана иш-аракети конституциялык түзүлүштү зомбулук менен четтетүүгө, мамлекеттин бүтүндүгүн бузууга, ыдыратууга багытталган коомдук бирикмелерди түзүүгө жана ишмердүүлүгүнө тыюу салуу; чукул жана согуш абалын жөнгө салуунун конституциялык негиздерин белгилөө; конституциялык укуктары жана эркиндиги бузулгандыгына даттануулары менен Конституциялык палатага жана башкаларга кайрылууга жарандардын укуктары.

Дал ушул ыкмалар укуктук коргоо контекстинде универсалдуу жана баарын камтуучу болуп эсептелет, ушундан улам, бул коомдун бардык ишмердүүлүктөрүнүн ар бир чөйрөсүндө коомдогу ролундагы башчылык кылуучу орундун өзгөчө мүнөздөмөсү берилет. Ошондуктан, илимий адабиятта аталган маселени кароодо эки маанилүү аспект белгиленет. Биринчиден, үстөмдүк баарынан мурда коомдун ар кандай маанилүү системачаларындагы конституциянын статусун аныктайт. Өзгөчө бул мамлекеттик башкаруунун саясий системасына тиешелүү болот. Экинчиден, конституциянын жогорку ченемдик, юридикалык күчү ар кыл түрдөгү укуктук актылардын, ошондой эле партиялык ченемдердин, коомдук бирикмелердин ченемдерин, өз ара байланыштардын иш милдетин жөнгө салгыч ролун аткаруучу салттардын, үрп-адаттардын, коомдук системалардын жана алардын институттарынын ар кандай өз ара мамилелеринен башкы түрдө аталган документтин позициясын мүнөздөйт. Ушундан улам, аталган маселени кароодо жана илимий адабияттардын көбүндөгү моменттерди кароонун негизинде жогоруда көрсөтүлгөн эки маанилүү жана көпчүлүк аспекттерди камтуучу иштерди аткарууда дал ушул конституциянын укуктук корголушу кызмат аткарат деп жыйынтык чыгарууга болот [3, 6-8-бб.]

Конституциянын, негизги мыйзамдын, укуктук коргоо милдеттерин түшүнүүдө жана табууда башкы орун конституциялык контролду ишке ашыруучу институтка берилет. Ал коомдо көбүрөөк натыйжасы бар оптималдуураак каражат болуп саналат. Азыркыга чейин конституциялык контроль бийликтин кайсы түрүнө киргизилиши керектиги тууралуу маселени чечүү талаш-тартыштуу бойдон калууда. Кимдир бирөө конституциялык сот адилеттиги – бул, сот бийлигинин ажырагыс бөлүгү деп эсептейт, башкалары болсо конституциялык сот адилеттиги толугу менен бийликтин кайсы бир төртүнчү өкүлү болуп саналбай турган болсо дагы, бийликтин ар бир бутагында туруучу институттун өзү деп болжолдошот. Үчүнчүлөрү, конституциялык контролду конституциялык сот контроль сыяктуу эле, башка формаларды дагы камтыган кеңири маанидеги түшүнүк катары, тактап айтканда, өзүнүн мүнөздүү бөтөнчөлүгү бар контролдоочу бийлик катары кароо керек деп болжолдошот. Аягында акыркылары, бийликтин чачыранды бутагы катары жана мыйзам толугу менен же жарым-жартылай маселелер боюнча дал ушул конституциялык контролдун жазма буйруктарын ишке ашырууну жазган, атайын ушул үчүн иштелип чыккан органдар тарабынан гана ишке ашырылуучу контролдоочу бийлик тууралуу айтышат [4, 249-б.].

Мындан тышкары, Конституцияны укуктук жактан коргоону ишке ашыруучу институт болуп, конституциялык көзөмөл жүргүзүү эсептелет. Анын ар кыл илимий адабияттарда аныктамалары бар. Мисалга алсак, С.А. Авакьян мыйзамдардын жана башка ченемдик-укуктук актылардын мамлекеттин конституциясына туура келүүсүн камсыздоого багытталган

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



мамлекеттик органдар тарабынан ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруучу катары мүнөздөмө берет [5, 309-б.]. Ошондой эле, “конституциялык контроль” жана “конституциялык көзөмөл жүргүзүү” түшүнүктөрүн салыштырууда маанилик түшүнүгүн табууда узак жылдардан бери талаш-тартыштар жүргөндүгүн белгилебей коюуга болбойт. Мурун айрым окумуштуулар көрсөтүлгөн түшүнүктөр окшош деп болжолдошкон, башкалары болсо тескерисинче, алардын маанисин бөлүшсө, үчүнчүлөрү конституциялык көзөмөл жүргүзүүнү конституциялык контролдун бир түрүнө киргизишкен, тактап айтканда, конституциялык контроль түшүнүгүн киргизишкен. Азыркы заманбап коомдо талаш-тартыш көп учурда “конституциялык контролду” жана “конституциялык көзөмөл жүргүзүүнү” окшош деп саноо, же тескерисинче аларды айырмалоо деп саноого алып келет.

Конституциянын үстөмдүк кылуусун камсыздоо кепилдиги биринчи кезекте конституциянын өзүндө берилген. Конституция, конституция ичиндеги өзүн коргоонун керектүү жана жетиштүү деңгээлдеги системасына ээ болууга тийиш. Башкача айтканда, кайсы болбосун система адекваттуу иммундук система менен бөлүп берилет, ал дал ушул системанын функционалдык бүтүндүгүн сактоого чакырылган.

Г.В. Жилиндин ою боюнча: «Мыйзамдар ар дайым эле укукту адекваттуу билдирбейт, ушуга байланыштуу, укуктуулардан колдонулбай турган укуксуз мыйзамдарды айырмалоо зарыл. Бул түздөн-түз Конституциядан улам келип чыгат. Укуксуз мыйзамдын укук менен окшоштурулушу – нигилизмге карай жол» [7, 22-б.]. Мынчалык чечкиндүү түшүнүк берүү тактоого муктаж. Албетте, мыйзам – жазылган улуттук укуктун бөлүгү, ушуга байланыштуу, жалган түрдө ал укуксуз болушу мүмкүн. Бирок, укук реалдуу түрдө болгон коомдук мамилелерди чагылдыра албай тургандыгын моюнга алуу керек. Мыйзамдын укуктук коллизиясы же болбосо мыйзамдагы укуктук боштук тууралуу айтуу туурараак болууда.

Конституциялык контролдун тарыхы укуктук ченемдин конституциялуулугунун соту тарабынан баасын дал ошол учурда алган факт, конституциялык соттордун жана ушуга окшош функцияларды аткаруучу башка органдардын негизги дайындалышы дал ушул ченемди контролдоо болуп эсептелерин көрсөтмөлүү түрдө демонстрациялайт [7, 35-б.].

*Конституцияны укуктук жактан коргоо* – коомдо конституциянын үстөмдүк кылуунун укуктук каражаттарын жана жогорку ченемдик, юридикалык күчүн камсыздоо боюнча ишмердүүлүгү, анын кол тийбестикте сакталышы.

Кайсы болбосун конституциянын белгилеринен болуп төмөнкүлөр эсептелет: үстөмдүк кылуу, жогорку юридикалык күч, түздөн-түз аракет көрсөтүү; кабыл алуунун легитимдүүлүгү (өзгөчө тартип); туруктуулук, базалуулук, программалуулук; өзгөрүүнүн өзгөчө жана татаалдаштырылган тартиби; анда укуктун бардык тармактарынын негизги ченемдери камтылышы зарыл.

Конституцияны укуктук коргоо бул мамлекеттик бийликтин ар кайсы бутактарынын балансталышын камсыздоо дагы. Мыйзамдардын конституциялуулугун тийиштүү текшерүүсүз укуктун өкүмдарлыгы, укуктук мамлекет бекитиле албайт. Ушул жерден Конституцияны укуктук коргоонун маанилүү милдети – үстөмдүктү, укуктун өкүмдарлыгын камсыздоо келип чыгат. Мыйзамдардын жана башка укуктук актылардын конституционалдуулугуна контролдук мамлекетте контролдоочу бийликти ишке ашыруунун көп түрдүүлүгү болуп саналат [8, 13-б.].

«Конституциялык контроль», «конституциялык көзөмөл жүргүзүү», «конституциялык сот адилеттиги», «конституциялык мыйзамдуулук» түшүнүктөрү ар кайсы булактарда бирдей түшүнүк берилбейт. Гумбольдт атындагы Университеттин профессору Александр Бланкенагель белгилегендей, «конституциялык контроль – бул, бийликти чектөөдөн жана чыр-чатактарды чечүүдөн турган ишмердүүлүк» [9, 35-б.].

Авакьян С.А. конституциялык контролду конституцияны жана ал тараптан шартталган мыйзамдарды туура колдонууну камсыздоого, аларда мамлекеттин конституциялык түзүлүшүнүн бекитилишин коргоого багытталган мамлекеттик ишмердүүлүктүн атайын түрү катары аныктайт [10, 24-б.]. Жалпы түрдө конституциялык контроль катары укуктук актылардын дал келүүчүлүгүн, мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун аракеттерин, ал эми айрым өлкөлөрдө – конституциялык ченемдерге коомдук функцияларды ишке ашырууга катышуучу коомдук бирикмелердин иштерин текшерүүгө багытталган мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүн түшүнүшөт. Конституциялык контролдун башкы миссиясы конституциянын үстөмдүгүн жана туруктуулугун камсыздоодо, бийликтин конституциялык бөлүштүрүлүшүн сактоодо, адамдын конституция менен бекитилген укуктары жана эркиндигин кепилденген коргоодо турат.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Мындай контролдоо ишмердүүлүгү ар кандай мамлекеттик органдардын ишке ашыруусунда болушу мүмкүн: жалпы юрисдикциядагы соттордун, атайы квазисоттук органдардын, парламенттин же президенттин...

Батыш Европа мамлекеттеринде конституциялык контролдун соттук жана квазисоттук органдары кеңири өнүгө алышты, учурда алар европалык укуктук салттын ажырагыс бөлүгү катары кабыл алына баштады. Эл аралык практикада конституциялык контролдогу ар кыл органдар жолугат: АКШда - Жогорку сот, Швейцарияда - Федералдык сот, Франция, Казакстан, Сенегалда - Конституциялык кеңештер, Пакистанда, Иранда - Конституцияны эле эмес, Куранды дагы коргоого алган конституциялык-диний органдар (ислам кеңештери) [11, 8-б.]. Конституция боюнча бир катар өлкөлөрдө конституциялык контроль сот бийлигинин системасына киргизилген (Германия, Турция, Россия, Грузия, Армения ж.б.), башкаларда – өзүнчө орган катары болот (Франция, Италия, Испания, Польша ж.б.). Айрым өлкөлөрдө конституциялык соттун ордун тактоо маселеси атүгүл соттук кароонун предмети дагы болду.

Сот органы өзүнүн статусун аныктоо укугуна ээ эместиги берилет, анткени бул – мыйзам чыгаруучунун артыкчылыктуу укугу. Антпесе, соттун мыйзам менен болгон байланышуучулук принциби жана өз ишинде судья болуу принциби бузулат. Сот органы болуу каалоосу өкмөттөн кошумча жеңилдик алууга жана коомдон сыйга татууга болгон аракеттен келип чыкпагандыгы, адекваттуу өзүн-өзү идентификациялоо, катаал сот жол-жобосунда ишке ашырылуучу өзүн-өзү тартипке салуу аракетинен болгондугу берилет.

Ар кайсы өлкөдө конституциялык контролдун формасын тандоо ар кандай факторлор менен шартталган: укуктук маданияттын жалпы деңгээли, диний жана улуттук салттар, социалдык-экономикалык шарттар, мамлекеттин конкреттүү тарыхый өнүгүү мезгилинде саясий кырдаал ж.б. М.В. Баглай конституциялык контролдун органы тууралуу: «... сот тек гана укук маселелерин чечүүгө чакырылган жана эч кандай кырдаалдарда саясий максаттуулукка артыкчылык берүүгө, алардын укуктук формаларынан сырткары кимдин болбосун практикалык аракеттерин баалоого аракет кылбоого милдеттүү» [12, 635-б.].

Практика көрсөткөндөй, соттук эмес формада конституциялык контролду ишке ашыруу тийиштүү натыйжаны бербейт. Жыйынтыктар артыкчылык иретинде тикелей күчкө ээ. Сотту адистештирүү – сот өндүрүүнүн кесипкөйлүк тарабына карата коюлуучу талаптарды чагылдырган мыйзам ченемдүү процесс. Укуктук мамлекетке өтүү үчүн себеп даярдоо милдеттен сырткары турган, ал үчүн, ошол кезде көрүнгөндөй, интеллектуалдык сапаттары боюнча да, соттук көз карандысыздыкты кепилдөө ыкмалары боюнча дагы эталлондуу соттук мекемени түзүү керек болгон (курсив С.А.Пашиндики). Мыйзам чыгаруунун келечегине жана сот бийлигине эрк берүү зарылдыгы тууралуу коомдук аң-сезимди үйрөтүүгө, аны мамлекетти эмес, укукту жана жарандык коомду чагылдыргыч кылууга, соттордун алмашпастык жана өмүр өткүчө дайындоо принциптеринде юстицияны куруруга таасир эткибиз келет. Мындан тышкары, конституциялык сот өндүрүүгө болгон жеткиликтүүлүк эл аралык бирикменин органдарына карата апелляция жасап (азыркыга чейин, таптакыр, жана мүмкүнчүлүктөр) Конституция тарабынан ошол кезде таанылган укуктардан ажыраган жарандар алышы керек болчу».

Америкалык укуктук системанын жеринде өсүп жетилгендерди кабыл алган көпчүлүк демократиялык мамлекеттердин тажрыйбасы көрсөткөндөй, салтты, сот бийлигинин органдарынын конституциялык ченемдердин интерпретациясы квалификацияланган жана саясий таасирлерден эркин болбосо дагы заманбап укуктук аң-сезимдин талаптарына жооп берет.

Биздин оюбуз боюнча, соттук конституциялык контроль бир катар себептер боюнча соттон тышкаркыдан артыгыраак: биринчиден, Конституциялык палата белгилүү даражадагы көз карандысыздыкка ээ: ал мыйзам чыгаруу процессине катышпайт жана чыныгы жашоодо талаш-тартыштуу ченемди ишке ашырат, ага ылайык, ал мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийликтин каталары үчүн жооп бербейт. Экинчиден, талаш-тартыштуу ченемди текшерүү тууралуу демилге менен бул ченем менен мыйзамдуу таламдары тебеленген кайсы болбосун жак чыга алат, соттун өзү ченемди контролдоо жол-жобосун демилгелей албайт. Үчүнчүдөн, ачык, айкын, таймашуучулук соттук процесс талаш-тартыштуу маселени ар тараптан изилдөөнү жана таразаланган чечимди чыгарууну болжолдойт. Төртүнчүдөн, сот жол-жобосу административдик (соттон тышкаркы) жол-жобого караганда арыз берүүчүгө өз позициясында туруу боюнча көбүрөөк укуктук мүмкүнчүлүктөрдү берет.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



**Адабияттар:**


1. Стрекозов В.Г. Конституционное право России. // ЖОЖдор үчүн окуу куралы. М. - Юрайт. - 2011. - 34-б.
2. Авакьян С.А. Конституционное право России. // Окуу курсу. Окуу пособиясы эки томдо. 1-том. - Россия ЖОЖдорунун ОМО грифи. - НОРМА, - 2011-ж., 78-б.
3. Шульженко Ю.Л. О понятии «правовая охрана конституции» // Государство и право. - 2002. - №7. - С.6-8.
4. Чиркин В.Е. Государственное управление. //Элементарный курс. - М.,- 2001. - С. 249.
5. Конституционное право. Энциклопедический словарь. // Жооптуу ред. С.А.Авакьян. - М., 2001. - 309-б.
6. ***Жилин Г.В.*** Соотношение права и закона // Российская юстиция. - 2000. - №4. - С. 22.
7. ***Петров А.В.*** Полномочия Конституционного Суда Российской Федерации в сфере нормоконтроля: некоторые «белые пятна» // Конституционное право: восточноевропейское обозрение. - 2000. - №1. - С. 35.
8. ***Глотова О.Е.*** Понятие, возможности и пределы конституционного контроля.//Право и политика. - 2002. - №7. 22
9. Бланкенагель А. Детство, отрочество, юность Российского Конституционного Суда. - М., Центр конституционных исследований Московского общественного научного фонда, 1996. - 13-б.
10. ***Авакьян С.А.*** Проблемы теории и практики конституционного контроля и правосудия. // Вестник Московского унив. - 11-серия. Право. - 1995. - №4 - 24-б.
11. *Чиркин В.Е.* Конституционный Суд. // Независимая газета от 1999. - С. 8.
12. Баглай М.В. Конституционное право Российской Федерации. - М.: «Норма», - 1998. - С. 635.
13. Асанкулова Ж.Ж. Сот өндүрүшүнүн тили – конституциялык сот өндүрүшүнүн принциби катары. Известия вузов Кыргызстана. - 2018. №3. - С. 16.
14. Асанкулова Ж.Ж.Сот бийлигинин принциптерин ишке ашыруунун кепилдиктери. Известия вузов Кыргызстана. - 2018. - №3. - С. 12.